4-ноябрь, 2021-жыл
e-mail: miratt78@mail.ru

## 7 - 8 - ноябрь - Тарых жана Ата - бабаларды эскерүү күнү

# «Ата-Бейиттеги» түбөлүк уйкудагы бир туугандар

***Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн пайдубалын түптөгөн өз заманынын билимдүү, эл- жеринин эртеңки жаркын келечеги үчүн башын канжыгага байлаган жалын жүрөк эр азаматтары 1937-1938-жылдардагы кандуу репрессияда ак жеринен айыпталып, атылып кетип, баары бир чуңкурга көмүлгөн эле. Арадан 53 жыл өткөндөн кийин гана сөөктөрү «Ата-Бейитке» коюлган улуу инсандардын арасында теңиртоолук бир туугандар милиция кызматкери Иса Байбосунов менен айылдык Кеңештин төрагасы Сартбай Байбосунов да бар.***

***Узак жылдар Нарын шаарындагы жүргүнчүлөрдү ташуучу автобазада иштеп ардактуу эс алууга чыккан жетимиштен ашып калган Асанбаева Төркүн апа менен кайнатасы тууралуу маектештим эле. Тарых барактарына кандуу жылдар катары кара так калтырган ал апааттын курмандыктарынын жаркын элесине арналган бул эскерүүнү окурмандарга сунуштайбыз.***

**-Улуттук кайра жаралуунун, кыргыз мамлекетинин пайдубалынын башатында турушкан элибиздин улуу сыймыгына айланган намысы оттой жанган кыраандардын сөөгү жаткан айтылуу «Ата-Бейиттеги» эки бир туугандын тагдыр таржымалы тууралуу айтып бересиңиз?**

-Кыргыз милициясынын тарыхында кайнатамдын өмүр баяны тууралуу мындай деп жазылган. Атабыз 1901-жылы Нарын районундагы Дөбөлү айылында төрөлүптүр. Айылда алгачкыларлан болуп кат-сабатын жоюп, терең билим алмакка Нарын өрөөнүндө биринчилерден болуп, Ташкенттеги мили-

шы тарбиялап, менин атымды жоктотпо» деп уулунун бетинен өөп, эшикти ачат. НКВДынын желдеттери сыр билгизбей: «Сиз менен

**-1991-жылдын 30-августунда атасынын аманаты**





көрбөй жалгыз уулу Нургазыга мээримин төгүп, эркелеткенге да убактысы болбоптур. Таң заарынан кетип, түн бир оокумда чарчап-чаалыгып келчү экен. Чоң кайнатам жаштайынан тың чыккан эки уулунун өлүү-тирүүсү билинбей калганына көзү өткөнчө арман кылып, кайгыда жүрүп өтүптүр. Күйөөсү кармалып кеткенден кийин кайненемдин оокат-жайын тартып алышып, катуу куугунтукташат. Жан сактоонун айынан ар кимдин оокатын кылып, башынан далай кыйынчылыктар өтүптүр.

-Иса кармалып кеткенден кийин үйүбүзгө жан адам баш бакпай бир кезде коюн-колтук алышып жүргөн тели-теңтуш, жакын санаалаштарыбыз да өз жандарынан чочулап, катташпай калышпадыбы. Ал азаптуу күндөрдү эстегим да келбейт,-деп ыйлап ийээр эле жарыктык. Күйөөсүнүн дайыны билинбей калганда өзүнүн атынан орус тилин жакшы билген бир кишиге СССР прокуратурасына кат жаздырат. Бирок жооп келбейт. 1957-жылдын октябрь айында гана Түркстан аскер округунан атабыз өлгөндөн кийин акталгандыгы тууралуу билдирүү келет. Ошол кагазды алгандан кийин гана куран окутуруптур.

Айтматов да терең ойго батып, катуу кайгырып турду. “Ата-Бейитке” коюлгандардын аты-жөнү айтыла баштаганда бир маалда эле Иса Байбосунов, Сартбай Байбосунов дегенде жүрөгүм туйлап, аз жерден бакырып ие жаздап, өзүмдү араң кармап калбадымбы”- деген эле . Ии, баса ошондо “Кыргыз Туусу” гезитине абышкам экөөнүн Аскар Акаевдин жанында туруп түшкөн сүрөтүн Бишкектеги неберелери алып келип бергенде жаш баладай кудуңдап, сандыгына катып алган эле. Нарындын чоңдорунун эшигин жыртып жүрүп, ушул көчөгө атын койдуртуп, такты орноттурду жарыктык.

**-Кыргыз милициясынын тарыхына татыктуу из калтырып кеткен чыгаан чекисттин артында калган жалгыз туягы, өмүрлүк жарыңыз Иса уулу Нургазы аксакал экөөңүздөрдүн өмүр жолуңуздарга кызыгып турам.**

-Кудайга шүгүр, мекемелерде айдоочу болуп иштеп, эс алууга чыккан Нургазы экөөбүз уулдарыбыз Камчыбек, Рыскелди, Бактыбек, Нурланбекти, кыздарыбыз Майрамкүл менен Эркингүлдү эресеге жеткирип, он тогуз неберелүү болдук. Абышкамдын өмүрү кыска экен, балдарынын жакшылыгын көрөөрдө

ионундагы Дөбөлү айылында төрөлүптүр. Айылда алгачкыларлан болуп кат-сабатын жоюп, терең билим алмакка Нарын өрөөнүндө биринчилерден болуп, Ташкенттеги милициянын Орто Азия боюнча мектебинен окуп келет. 1922-1933-жылдары Нарын уездинин шаардык, кантондук, Ат-Башы жана Кочкор болуштук милицияларында ага милиционер, кылмыш иликтөө бөлүмүнүн агенти болуп иштейт. Кийин Ички иштер эл комиссариатынын Балыкчыдагы райондук милиция бөлүмүндө кылмыш иликтөө боюнча уполномочени болуп эмгектенген экен. Ал эми бир тууган иниси Сартбай Байбосунов да агасындай болуп мектептен билим алып, комсомолго өтүп, айылдаштарынын кат-сабатын жоюуга активдүү катышат. Айылдык кеңештин төрагасы болуп иштеп, Совет мамлекетине каршы чыккан бай-манаптарга каршы күрөшүүдө эч нерседен кайра тартпаган өткүрлүгү менен таанылат.

**-Кыргыз милициясында өтөгөн мыкты эмгеги менен өз доорунун чыгаан чекисти катары таанылган Иса Байбосуновдун камалгандагы азаптуу учурун кайненеңиз кандайча эскерчү эле?**

-Менин колумда болуп, сексен сегиз жашында көз жумган ыраматылык кайненем Ороз кызы Турган апам башынан өткөргөн оор күндөрүн, күйөөсүнүн кармалгандыгын муңканып айтып, жалган жалаа менен атылып кеткен шейиттердин убал-сообу Сталинге жетсин деп эки ийини солкулдап, ыйлап калаар эле жарыктык. Айтымында окуя мындайча болуптур.

1938-жылдын 24-февралында түндүн бир оокумунда уктап жатышканда эшиктин тарсылдаган катуу үнүнөн улам чочуп ойгонуп кетишет. Ордунан шак ыргып турган кайнатам: «Турган, жүрөгүм сезип жүргөн, эртедир-кечтир бул иш болмок. Эртеңки күнүбүз бүдөмүк. Непаада ушул бойдон кайра кайтпай калсам жалгыз туягым Нургазымды жакшы тарбиялап, менин атымды жоктотпо» деп уулунун бетинен өөп, эшикти ачат. НКВДынын желдеттери сыр билгизбей: «Сиз менен кызматыңызга байланышкан бир маанилүү иш боюнча сүйлөшөбүз"-деп алып жөнөшөт. Ошондо беш жаштагы Нургазынын жүрөгү жамандыкты сезгендей аталап ыйлап, чыңырган бойдон калыптыр. Түрмөдө жатканда атама: «Сен Социал-туран партиясынын мүчөлүгүнө өтүп, Совет бийлигинин саясатына каршы иш жүргүзгөн эл душманысың» деген жалган жалаа жабылат. Чындыкты мойнуңа алгын дешип, эс-учунан танганча сабашып, жан чыдагыс ашынган ырайымсыздык менен кыйнашат.

1938-жылдын 8-ноябрь күнү бир тууган иниси Сартбай Байбосуновду кошуп, кыргыздын билимдүү уулдары залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун атасы Төрөкул Айтматов баш болгон кыргыздын мыкты уулдарын "Чоң-Ташка" алып барып атып, бир чуңкурга көөмп салышат. Каран калгыр ошол каргашалуу түнү камалып кеткен бойдон кайнатамдын дайын-дареги, өлүү-тирүүсү билинбей күйүтүн ичине каткан кайненем жалгыз уулу Нургазыны жалгыз бой өзү багып чоңойтуп, эресеге жеткириптир.

**-Төркүн эже, кепке аралжы, кандуу репрессиянын курмандыктарынын бала-бакырлары «Эл душманынын үй-бүлөсү» делип куугунтукталып, ал түгүл балдары мектепте окуудан чыгарылып, далай азаптарды тартышпады беле. Көкөйдөн кеткис мындай азаптуу күндөр Турган апанын башынан да кыйгап өтпөгөндүр?**

-Ии, апам көзү өткөнчө кайнатам тууралуу небере-чөбөрөлөрүнө айтып бергенден тажаган жок. Атабыз билимдүү, ага-тууганга карамдуу, адамкерчиликтүү, боорукер, үй-бүлөсүнө үзүлүп түшүп турган жакшы адам болуптур. Кызматына байланыштуу үй-бетин



-**1991-жылдын 30-августунда атасынын аманаты менен кыргыздын кыраандарынын сөөгү коюлган жерди көрсөтүп берген сыймыктуу Бүбүсара апабыздын айтуусу боюнча аталарыбыздын сөөгүн «Ата-Бейитке» кайра көмүүгө арналган аза күтүү митингисине кайненеңиз менен өмүрлүк жарыңыз да катышкандыр.**



-Ии, чакыруу кагазын алып келишкенде апам бирде ыйлап, бирде күлүп, ата мээримин көрбөй калган Нургазы да бир башкача сезимде болушту. Эскерүүгө катышып келгенден кийин кайненем өзү күбө болгон ал окуяны айтып түгөтө албай Бүбүсара апаны алкап: "Жаратканга ыраазымын. Жаштайымда асыл жарымдан айрылып, күйүткө күйүп өткөргөн өкүттүү өмүрүмдүн өктөөсүнө чыктым. Ак жеринен айыпталып, бейкүнөө кеткен шейиттерди эскерүүгө келген Чыңгыз эртелеп көзү өтүп кетти. Кыргыздын мыкты уулдарынын катарында "Ата-бейитте" жаткан атабызды эскерип гезитке берели дегениңиздерге ыраазымын, арбагы ыраазы болсун. Жараткан шейит кеткендердин билип-билбей жасаган күнөөлөрүн кечирип, жандарын жаннатта, топурактарын торко кылсын.

***Автордон:*** *Кыргыздын чыгаан уулдарынын катарында түбөлүк уйкуда жаткан Иса Байбосуновдун артында калган жалгыз туягы Нургазы аксакалдын байбичеси Асанбаева Төркүн апанын көзү өтүп кетти. Жакында бул сүрөттөрдү алганы үйүнө барып, Борбор Азия университетинде айдоочу болуп иштеген уулу Нурланбек, келини алты баланын энеси Касымалиева Гүлшан менен баарлашып кайттым.*

*Чыгаан чекисттин байбичеси Турган апа сандыгынан чыгарбай сактап келген чоң атасынын сүрөттөрүн, 1933-жылы Ат-Башы райондук аткаруу комитети тарабынан берилген тамгаларынын өңү өчүп бараткан Грамотасын, мактоо баракчаларын көрсөтүп, Исаевдердин урпактары чоң атасы менен сыймыктанаарын айтты Нурланбек. Сөз арасында кичинесинде чоң чоң атамдай болом деп кыялданып жүргөн иниси Адилет Исаевдин Жумгал райондук ички иштер бөлүмүндө эмгектенээрин, өзүнүн тун уулу Абдыганы Исаев М.Субагожоев атындагы кыргыз-түрк лицейинде окуп жатканда математика сабагы боюнча өткөрүлгөн республикалык конкурста биринчи орунду жеңип алып, Ата-Тоо-Ата түрк университетин бүтүрүп, учурда Финансы министрлигинде программист болуп иштээрин, эгиздер Элзат менен Элдар быйыл С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетин бүтүрүшкөнүн, Карабек, Чыңгыз, Ислам мектепте окушаарын толкундануу менен айтып берди.*

*Эмесе 7-8-ноябрь- Ата-бабаларды эскерүү күнүнө арналган ушул эскерүүмдү аяктап жатып, Нарын облустук ички иштер башкармалыгы тарабынан жыл сайын кыргыз милициясынын күнүнө карата Иса Байбосуновдун туулуп өскөн айылында, ички иштер бөлүмдөрүндө, окуу жайларда, мектептерде эскерүү кечелери, спорттук мелдештер өткөрүлүп, жаш кадрларга дипломдор ыйгарылып турса "Ата-Бейиттеги" атабыздын арбагынын алдында өз парзыбызды актаган болоор элек деген оюмду окурмандар менен тең бөлүшүүнү туура көрдүм.*

**Бурулсун ДЫЙКАНБАЕВА.**